«Макулдашылды» «Бекитемин»

Уюштуруучу Мектеп мудуру

Момуналиева А.А Осмонакунова Н.Ы._____

# Кызыл-Аскер айылы Жайнак Саадаев атындагы орто мектеби.

## Ден-соолукту коргоо ишмердүүлүгү жөнүндө жобо

**1.Жалпы жоболор**

Окуучулардын ден-соолугун коргоонун ишмердүүлүгүн уюштуруу жөнүндө жобо КР”Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, КР Балдар жөнүндөгү кодексинин,мектептин Уставынын негизинде түзүлүп, Жайнак Саадаев атындагы толук эмес орто мектебинин окуучуларынын ден-соолугун коргоо боюнча келип чыккан маселелерди жөнгө салат.

**2.Нормативдик шилтемелер**

Бул ченемдик документ төмөнкү документтерге ылайык иштелип чыккан мамлекеттик санитардык-эпидемологиялык мекемесинин 2010-жылдын 29-декабрындагы No 189 "Билим берүү мекемелеринде окутуунун шарттарына жана уюштурулушуна карата санитардык�эпидемиологиялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтому (өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).

2.1. Жобо төмөнкүлөргө ылайык иштелип чыккан: -“Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамдар; -Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары; -мектептин Уставы;

2.2. Жобо окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруу максатында иштелип чыккан. Окуучулардын ден-соолугун сактоо жана чыӊдоо жана сергек жашоо образын камсыздоо.

2.3. Оптималдуу окуу, класстан тышкаркы окуу жүктөмүн, окуу сабактарынын эрежесин аныктоо;
2.4. Сергек жашоо образын жайылтуу, эмгекти коргоо талаптары;

2.5. Ооруларды алдын алуу жана ден-соолукту чыӊдоо үчүн шарттарды уюштуруу жана түзүү

2.6. Тамеки чегүүнүн, спирт ичимдиктерин ичүүнүн алдын алуу жана тыюу салуу
2.7.Окуучулардын ден соолугун коргоого коюлган негизги талаптар төмөнкүлөргө багытталган:окуучулардын сергек жана коопсуз жашоо образын түзүү,окуучуларга рационалдуу окуу процессин уюштуруу.

2.8.Ден соолукту чыӊдоо жана коргоо,коопсуз жашоо,психологиялык�педагогикалык,социалдык жактан жардам көрсөтүү.

2.9.Мекеменин шарттарына,имараттарды жана жайларды жабдуулары суу, канализация, вентиляция,жарык берүү талаптарына ылайык санитардык эрежелерин,өрт коопсуздугунун талаптарына,жол кыймылынын коопсуздук талаптарына,окуу кабинеттерин жабдуу талапка ылайык санитардык эрежелерге жооп бергидей болууга тийиш.

2.10.Билим берүү процессинде санитардык нормалардын сакталышын кароо:окуу ишин,эс алуу убактысын,керектөөлөрүн канаттандырууга,жекече өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүү,окутуунун техникалык каражаттарын,маалматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуусун көзөмөлдөө.

2.11.Билим берүү процессинде иновациялык ыкмаларды курактык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыктап пайдалануу ченемдерин сактоо каралгат.

2.12.Билим берүү чөйрөсүндө жагымдуу,эмоционалдык-психологиялык климат түзүүгө көмөктөшүү,өзүнө-өзү баа берүүсүн,таанып билүүсүнө шыктандыруу

2.13.Окуучулардын ден соолугун коргоо төмөнкүлөрдү камтыйт:саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү,оптималдуу окуу,окуудан тышкары жүктү,окуу сабактарынын режимин жана каникул узактыгын аныктоо,сергек жашоо үчүн шарттарды түзүү,ооруну алдын алуу жана ден соолугун чыңдоо,тамеки чегүү,алкоголдук ичимдиктерди,пивону,баңги каражаттарын жана психотроптук заттарды,башка баш айлантуучу заттарды,коопсуздукту камсыз кылуу,бөөдө кырсыктарды алдын алуу. Санитардык-эпидемияга каршы алдын алуу иш-чараларын көрүү.

2.14. Окуучулардын ден соолугун сактоону уюштуруу алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү мекеме тарабынан жүзөгө ашырылат

. 2.15.Окуучуларга алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнү уюштуруу түзүлгөн келишимге ылайык медициналык мекеме тарабынан ишке ашырылат.

2.16.Мекеме билим берүү ишин жүргүзөт,кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууда окуучулардын саламаттыгын сактоо үчүншарттарды түзөт.

2.17.Санитардык-гигиеналык жана ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды өткөрөт.

2.18. Санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин сакталышына,аткарылышына,санитардык-эпидемияга каршы иш-чараларды;имараттарды жабдууларды талаптарына ылайык өрт коопсуздугун,жол кыймылын,окуу кабинеттеринин жабдылышы,жылуулук режими,инвентарды талаптарына ылайык санитардык-гигиеналык эрежелерди өздөштүрүү үчүн кошумча билим берүү уюштурулат.

2.19. Окуучулардын тамак-аш ичүүчү режими тиешелүү келишимдерге ылайык жүргүзүлөт.

2.20. Мекеменин бардык кызматкерлери бир жылда 1 жолудан кем эмес мезгилдүү медициналык текшерүүдөн өтүп турууга тийиш.Кесиптик гигиеналык даярдыктан өткөндүгү жөнүндө 2 жылда бирден кем эмес белгиси болушу керек.Мекеменин ар бир кызматкеринин белгиленген үлгүдөгү жеке медициналык китепчеси болуш керек. Медициналык кароодон өтүүдөн баш тарткан кызматкерлер ишке киргизилбейт.